**●Жетекчинин минбары**

**●2001-жыл—туризмди өнүктүрүү жана колдоо жылы**



МАЕКТЕШ жөнүндө маалымат: Жапаров Замир Паизович 1963-жылы туулган. Орто мектептен кийин Оштогу педагогикалык институттун орус тили жана адабияты факультетинен окуган. Аны 1986-жылы бүтүрүп, эмгек жолун Ош шаарындагы В. Терешкова атындагы мектеп интернатында тарбиячылыктан баштаган. 1987—88-жылдар аралыгында мекен чегинде жоокерлик парзын өтөдү. Аскерден кийин жогорудагы аты аталган мектепте балдарга башталгыч аскердик даярдыктан сабак өтүү менен уланты. 1990-жылдар ал үчүн өмүрүндөгү бурулуш жылдардан болуп калды. 2000-жылдын май айына чейин жаш туристтердин облустук станциясында, 1991-жылы балдар жана өспүрүмдөр туризминин облустук борбору, ал эми 1995-жылы мектептен тышкаркы 3 мекемени бириктирип, кайрадан түзүлгөн балдар чыгармачылыгынын облустук борборунда директор, 2000-жылдын май айынан бери облустук туризм жана спорт комитетинин төрагасы болуп иштеп келе жатат.

Ал туризм жана спорт тармагына кечээ, же бүгүн студенттик аудиториядан бери эле келе калган жок. Ушул жаатта топтолгон он жылдан ашуун такшалган тажрыйба менен келди. Бир сөз менен айтканда, ал кайсы жерде, эмне иштебесин чымыркануп, кайратман эмгек жаратты, өзүндөгү уюштуруу чулук жөндөмү менен эл оозуна алынды.

Гезитибиздин бүгүнкү мейманы, маектешибиз З. Жапаровдун аркалаган эмгеги «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси жана «Манас 1000» «Ош 3000» медалдары менен белгиленген.

ҮСТҮБҮЗДӨГҮ, жаңы кылымдын алгачкы 2001-жылы эгемендүү кыргыз мамлекетинин тарыхында туризмди өнүктүрүүгө багытталгандыгы менен да өзгөчөлөнүп калды. Аны Президентибиз туризмди колдоо жана өнүктүрүү жылы деп атады. Буюрса, ага кошул-ташыл болуп, жергебизде быйылкы жылы эгемендүүлүктүн он жылдык салтанаты белгиленет. Кичи Мекке. Экинчи Швецария аталып, сулуулукка чүмбөттөлгөн, улуулук менен ыйыктыкты багындырган тоо койнунда жашап өтүүнүн өзү ырахат. Тоодо төрөлүп, тоодо торолгон калкпыз. Ошол кол жеткис, көк мелжиген тоолор менен таштан ташка урунуп, мөлтүрөп аккан булактар эле эмес, дегдеткен арчалуу жайлоо, төрлөрүбүз канча. Аларыбыз бар, канча мактансак жарашат. Кыргыздын байлыгы да, касиеттүүлүгү да мына ошондо эмеспи. Анан да, илгертен калган ата-бабалардын салт-санаасын улаган нарк-насилдүү меймандостугубуз бар.

Жогоруда биз учкай кеп баштаган туризм проблемасы үстүбүздөгү жылдын күрөө тамырына айланды. Анын тегерегинде иш алып барууну алдыңкы орунга коюп отурабыз. Өзгөчө басым менен белгиленип жаткан туризм жылын өткөрүүгө карата камылгабыз кандай? Ал боюнча айтып берүүсүн өтүнүп, Ош облустук туризм жана спорт комитетинин төрагасы Жапаров Замир Паизовичти кепке тарткамбыз.

# З. ЖАПАРОВ: «ТУРИЗМ КИЧИ МЕККЕДЕН БАШТАЛАТ»

— Үстүбүздөгү жылда облустун аймагында туризмди өнүктүрүү багытында кандай

агат Мындагы Сулайман пайгамбардын ысымы менен байланыштырылып, айтылып жүр

хал» мейманканаларына жайгаштырылды.

Туризм өзүбүз турган Ош-

дин товарларын ташуу менен алектенип, киреше кийирип жүрөт. Райондо 4 мейманкана

ган көпүрөнүн ордуна жаңы көпүрөнү салып, тарыхый жерлерди жана булактарды жакшыртып, оңдоп-түзөп алды.

Ал эми Ошко канатташ турган Кара-Суу, Папан зонасы менен өзүнө тартып турат Эл ичинде Алга-Бас менен Кожо-Келен булактары жөнүндө көп эле айтылып калат. «Бакен» туристтик фирмасы туристтер

улуттук буюмдардын кароо-сынагын уюштурдук. Анда боз үй, улуттук кийимдер, Өзгөн мунарасынын, Сулайман тоонун макеттери, чоподон, жыгачтан даярдалган, темирден, күмүштөн жасалган куралдар, туристтик обьектилердин фото сүрөттөрү жана түрдүү сувенирлер көрсөтүлдү. Көргөзмөдө өзгөчөлөнгөндөрдүн ысымдары аталды. Кара-Суудан Ташматов Бекзаттын колдо жасаган улуттук куралдарынан кылыч, бычак, калкан, ал эми Кара-Кулжалык ( Ибраимов Меймандын боз үй, улуттук кийим, сувенирлери жактырылды. Жыйынтыгында, мыкты деп табылгандар А. Жолборсова (Ош), Т. Эсенкулова (Өзгөн), К. Жетимишова (Алай). Д. Имлаков (Араван), Ш. Тур

